КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ОРТО-КАЙЫҢДЫ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРТО- КАЙЫНДЫ

---

**Кезексиз сессия** **VIII – чакырылыш**

# ТОКТОМ № 17

**08.08.2024-ж.** **Вознесеновка а.**

## “ Жер тилкесинин ижара акысын бекитүү жөнүндө”

Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн “ Демилге” МИ жетекчиси Абдраева А.О. 2024-жылдын 1- августундагы чыг. № 1 “ Жайыт аянттарында орнотулган, уюлдук байланыштын антенно фидерлик жана башка жабдуулары үчүн ижара акысынын төлөмүн көтөрүп берүү жөнүндө” катын карап чыгып, учурдагы баалардын өсүшүн эске алып, жаңы түзүлгөн муниципалдык ишкананын бюджетин жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө “ Мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктун жетекчилике алып Орто-Кайыңды айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ :

1.Орто-Кайыңды айыл аймагынын жайыт аянттарында орнотулган уюлдук байланыштын антенно фидерлик жана башка жабдуулары үчүн жер тилкесинин ижара акысы “ Терра-Компани” , “ Нур-Телеком” ЖЧКна жана ” Альфа- Телеком” ЖАКна 2024- жылга чейин түзүлгөн ижара келишиминин мөөнөтү аяктаган күндөн тарта төмөнкү өлчөмдө бекитилсин ;

1) “ Терра-Компани” ЖЧКна пайдаланып жаткан жер тилкеси үчүн ижара акысы ай –сайын 8,0 (сегиз) миң сом.

2) “ Нур-Телеком” ЖЧКна пайдаланып жаткан 2 жер тилкеси үчүн ижара акысы ай –сайын 16,0 ( он алты ) миң сом.

3) ” Альфа- Телеком “ ЖАКна пайдаланып жаткан жер тилкеси үчүн ижара акысы ай –сайын 8,0 (сегиз) миң сом.

2.Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо “ Демилге “ МИ жетекчиси Абдыраева А.О. жүктөлсүн.

3.Токтом Кыргыз Республикасынын Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгынан каттодон өткөрүлсүн.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн башчысы Баязова Ж.Э жана бюджет маселеси боюнча комиссиянын төрагасы Акыбаев А.К. жүктөлсүн.

Төрага К.Мырзагелдиев.